психолингвистикалык элементтер аркылуу окуучулардын ой жүгүртүүсүн, түшүнүктөрдү өз алдынча түзүү жөндөмүн жана тилди практикада колдонуу көндүмдөрүн өнүктүрөт. Андан тышкары, стилистикалык компоненттер киргизилип, окуучуларга сөздүн формасын, маанисин жана турмуштук колдонуу чөйрөсүн туура тандоо жөндөмү берилет. Натыйжада, бул методика кыргыз тил сабагын улуттук аң-сезимди калыптандыруучу, маданий баалуулуктарды сиңирген, коммуникативдик компетенцияны өнүктүргөн күчтүү педагогикалык система катары карап, тилди окуу процессинин борбордук куралына айлантат десек болот.

Бул иш методикалык жана теориялык жактан гана эмес, кеп маданияты жогору, улуттук баалуулуктарды урматтаган инсанды тарбиялоого да жол ачат. Натыйжада тил улуттун руханий дүйнөсүн жана инсандын интеллектуалдык өнүгүүсүн камсыздоочу негизги курал катары колдонулуп, кыргыз тили мугалимдери үчүн азыркы күндө баалуу методикалык эмгек болуп саналат.

Колдонулган адабияттар

1. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы : окуу куралы. 1-бөлүк. – Бишкек : КББИ, 1996. – 69 б.
2. Крысько В. Г. Психология и педагогика : курс лекций. – Минск, 2007.
3. Мамбетакунов Э. Педагогикалык изилдөөлөр методологиясы жана технологиясы. – Бишкек : Техник, 2015.
4. Мамбетакунов Э., Сияев Т. Педагогиканын негиздери. – 2-бас. – Бишкек : Айат, 2008. – 304 б.
5. Синельников В. С. Таинственная сила слова. Формула любви. Как слова воздействуют на нашу жизнь. – Москва : Центрполиграф, 2008. – 256 с.
6. Чыманов Ж. А. Кыргыз тилин эне тили катары окутуунун методологиясы. – Бишкек, 2015.

Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доцент Эстебесова П.С.

УДК 811.512.154:371.3
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-82-88

Жаманкулова А.Т.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
Джаманкулова А.Т.
КНУ имени Жусупа Баласагына
Jamankulova A.T.
KNU Jusup Balasagyn

А.ОСМОНОВДУН ДРАМАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН МИСАЛЫНДА ЖОЖДОРДУН ОРУС ТИЛДҮҮ СТУДЕНТТЕРИНИН КЕБИН ӨСТҮРҮҮ
РАЗВИТИЕ РЕЧИ РУССКОЯЗЫЧНЫХ СТУДЕНТОВ ВУЗОВ НА ПРИМЕРЕ ДРАМАТИЧЕСКИХ ПРОИЗВЕДЕНИЙ А. ОСМОНОВА
DEVELOPMENT OF SPEECH OF RUSSIAN-SPEAKING UNIVERSITY STUDENTS USING THE EXAMPLE OF DRAMATIC WORKS BY A. OSMONOV

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда А. Осмоновдун драмалык чыгармаларынын тексттери менен иштөө боюнча методикалык иш-чаралар берилген. Студенттер үн чыгарып окуу, комментарийленген окуу, пьесаны ролдорго бөлүштүрүп окуу, бир студенттин пьесанын бир бөлүгүндөгү бир нече каармандын өз ара пикир алышуусун көркөм окуусу сыяктуу окуу түрлөрүн өздөштүрүшөт. Драмалык чыгармалардын негизинде машыктыруучу көнүгүүлөрдү аткарып, тематикалык лексиканы колдонушат.

Аннотация: В данной статье представлены методические рекомендации по работе с текстами драматических произведений А. Осмонова при изучении кыргызского языка как второго. Студенты осваивают такие виды чтения, как чтение вслух, комментированное чтение, чтение пьесы по ролям, художественное чтение одним студентом отдельных сцен с несколькими действующими лицами. Они выполняют тренировочные упражнения на основе драматических произведений и используют тематическую лексику.

Abstract: This article provides methodological recommendations for working with the texts of A. Osmonov's dramatic works when studying Kyrgyz as a second language. Students master such types of reading as reading aloud, commented reading, role reading, and expressive reading by one student of individual scenes with several characters. They perform training exercises based on dramatic works and use thematic vocabulary.

Негизги сөздөр: көрүнүш; тажрыйба; драмалык чыгарма; пикир алышуу; көңүл буруу; мамиле; багыт; өзгөчөлүк; талап; кыймыл-аракет.

Ключевые слова: явление; опыт; драматическое произведение; коммуникация; внимание; отношение; направление; особенность; требование; действие.

Keywords: phenomenon; experience; dramatic work; communication; attention; attitude; direction; feature; requirement; action.

Окуу процессинде тектеш эмес тилди үйрөнүү кыйынга турары анык. Бирок кандайдыр бир максат аркылуу окуу процессине киргизилип, үйрөнүү зарыл деп табылгандан кийин, аны окутуу процессинде студентке жеткирүү үчүн окутуучу сабактын жүрүшүндө ар түрдүү усулдук жол-жоболорду издөөсү талапка ылайык. Ар күнкү сабакка чыгармачылык мамиле кылып, күнүмдүк сабактагы өзүнүн ийгиликтерин баалап, кемчиликтерин көрүп, изденген мугалим гана өтө оор деп баалана турган көрүнүштү — өз эне тили эмес тилди студентке жеткиликтүү үйрөтө алат.

Ырас, кыргыз тилин орус тилдүү студенттерге үйрөтүү сабагы жаңыдан практикаланып, эми гана анын усулдук тажрыйбалары өздөштүрүлүп жатат десек, калпыстык болор эле. Анткени дүйнөлүк илимде, тагыраак айтканда, эл аралык тил катары бааланып, жер шарынын көптөгөн элдери өз ыктыяры менен үйрөнүп, өздөштүрүп жаткан тилдерди окутуунун ар түрдүү жол-жоболорун таап, керектүү учурда пайдалануу боюнча көптөгөн тажрыйбалар топтолгон. Мындай көрүнүш эл аралык тил катары колдонулуп жаткан англис, немец, француз, кытай жана орус тилдеринде бар экендигин эске сала кетели.

Бирок мурда колдонулган же башка тилдерге негизделип иштелген тажрыйбаларды ошол бойдон кыргыз тилин окутууга карата пайдаланууга мүмкүн эмес. Ошентсе да ал тилдерде иштелип чыккан илимий тажрыйбаларга таянуу менен, жаңыдан калыптанып келе жаткан усулдук тажрыйбаларды айкалыштыра карап, алардын алгылыктуу жактарын алып пайдалануу жана жакшы-жаман жактарын анализдөө бүгүнкү күндүн талабындагы иш болуп саналат.

Кеп өстүрүү сабактарында драмалык чыгармалардын тексттерин колдонуу студенттердин тил боюнча билимин тереңдетүүгө жардам берет. Драмалык чыгармалар менен иштөөнүн тарбиялык жана өнүктүрүүчү таасири бирдиктүү процесс болуп саналат. Адеп-ахлактык жана идеологиялык жактан маанилүү, ошондой эле расмий эмес пикир алышууга мүмкүндүк берген тексттер өзгөчө көңүл бурууга татыктуу. Фрагменттин маанилик толуктугу, анын негизинде кепти өнүктүрүү жана грамматикалык материалдарды бышыктоо боюнча иштерди уюштуруу мүмкүнчүлүгү, анын кызыктуулугу сыяктуу текстти тандоонун жалпы кабыл алынган критерийлерин да белгилеп өтүү зарыл.

«Драма» түшүнүгү гректин «drao» — «аракет» деген сөзүнөн келип чыккан. Методист С. П. Белокурова драманын кеңири жана тар маанидеги аныктамаларын сунуштайт:

«1) адабияттын үч негизги түрүнүн бири, учурда болуп жаткан иш-аракеттердин турмушта чагылдырылышы. Драмалык жанрга трагедиялар, комедиялар, трагикомедиялар, мелодрамалар, либретто жана водевилдер кирет;

2. драматургиянын алдыңкы жанрларынын бири; каармандардын ортосундагы баарлашуу диалог түрүндө жазылган адабий чыгарма. Сахнага чыгууга арналган. Адамдардын ортосундагы мамилелер жана алардын ортосунда келип чыккан конфликттер монологдук-диалогдук формада чагылдырылат» [2, 314-б.].

Драмага аныктама берүүдө окумуштуу-филолог В. Е. Хализов мындай деп жазган: «Драмалык чыгармалар (грекче драма — аракет) бир катар окуяларды, адамдардын кыймыл-аракетин жана алардын өз ара мамилелерин кайра жаратат». Ошол эле учурда «драма адабияттын кыйла татаал, бирок объективдүү түрү болуп саналат. Драманы изилдөө татаал, анткени ал окуучулардын өздөрүнүн эстетикалык өнүгүүсүнүн белгилүү деңгээлин талап кылат» [4, 405-б.].

Драманын тексти спектаклге (жаңсоо, кыймыл-аракет, мимика) жана жакшы үн менен иштөөгө багытталууга тийиш. Ал сахналык мейкиндиктин жана убакыттын мүмкүнчүлүктөрүнө, ошондой эле театралдык чөйрөгө шайкеш келиши керек (мизансценаларды куруу). Адабий пьесаны ишке ашырууда режиссер менен актерго сахна болушу шарт. Бул драманын спецификалык өзгөчөлүгү — анын сахнанын талабына багыт алуусу. Театр көптөгөн адамдарды бириктирип, коомчулукка таасир этет жана сахнада болуп жаткан окуяларга жооп берет.

Драманын өзгөчөлүгү анын сахнага арналгандыгында. Методист А. М. Прохоровдун пикиринде, драма — белгилүү бир жазуучунун, элдин же доордун драмалык чыгармаларынын жыйындысы.

Окумуштуулар драматургдун позициясын түшүнүүнүн кыйынчылыгы, каармандардын ар биринин сөзүнүн жана кыймыл-аракетинин артында эмне катылганын сезүү, өз пикирин билдирүүдө текстти колдоно билүү, бир репликанын чегинде баамдоо — мунун баары драманын көркөм текстин комплекстүү талдоо көйгөйүн аныктайт деп белгилешет.

Орус окумуштуусу Д. Н. Аль: «Слово в драматургических произведениях, посвященных всегда изображению тех или иных человеческих отношений, — должно выразить то главное, в чем отношения людей выражают себя в жизни, — их мысли. Мысли, которые определяют их действия — выбор поступков и сами поступки, оценку этих поступков, как самим действующим лицом, так и другими героями...» — деген оюн билдирет [1, 218-б.].

Драма адабияттын бир түрү катары классикалык өзгөчөлүктөргө ээ:

– **шарттуулук.** Көркөм чыгарма турмуштун өзүн эмес, илимде «көркөм дүйнө», «көркөм чыгармачылык», «көркөм реалдуулук» деген терминдер менен белгиленген чындыкты чагылдырат. Ошондой эле эч бир драма окуясыз, кыймыл-аракетсиз болбойт. Ошол эле учурда «кыймыл-аракет» термини төмөнкү түшүнүктөрдү камтыйт:

а) сюжеттин негизин түзгөн окуялардын өнүгүшү;

б) сахнада образды чагылдыруунун негизги каражаты (театр);

в) спектаклдин, пьесанын (б.а. актынын) аяктаган бөлүгү;

– **конфликт.** Конфликт драмада чындыктын олуттуу карама-каршылыктарынын конкреттүү чагылдырылышы катары теманы да, идеялык маанини да, проблеманы да аныктоочу фактор болуп саналат. Конкреттүү тарыхый жана драмалык конфликттер, ошондой эле жалпы адамзаттык карама-каршылыктар каармандардын жүрүм-турумунда, кыймыл-аракетинде, алардын монологдорунда жана диалогдорунда чагылдырылат;

– **сюжет.** Конфликттин айланасындагы адамдардын кыймыл-аракеттери толук сюжетти түзөт. Демек, драманын кийинки спецификалык өзгөчөлүгү — сюжет. Драма сахналык эффекттерди жана тез кыймыл-аракетти камтыйт. Анын үстүнө, драмалардын көлөмү аз болгондуктан, андагы берилген ой кыска жана так болушу керек.

Драмада автор катылган. Автор каармандардын кыймыл-аракетин, ордун, убактысын, мимикасын, интонациясын ж.б. кыскача көрсөтмө (ремарка) менен берет. Ошол эле учурда ремарканын өзүнүн өзгөчө функциялары бар: айтылган ойдун маанисин түшүндүрүү, комментарий берүү, иш-аракеттин ордун жана убактысын көрсөтүү, каармандын психологиялык абалын ачып берүү, кошумча шарттар жөнүндө билдирүү ж.б.

– драманын дагы бир өзгөчөлүгү — каармандардын сахнада өздөрүн башкача (каармандын мүнөзүнө, психологиялык абалына ж.б. жараша) алып жүрүүсү жана сүйлөшүүсү. Бул айрым табигый эмес жаңсоолордо, бийик сүйлөөдө, каткырууда ж.б. байкалат.

Студенттердин кебин өстүрүүдөгү каражаттар — А. Осмоновдун драмалык чыгармалары болуп, алар актыларга бөлүнүп, студенттердин билим деңгээлине жараша ылайыкталат. Пьесадагы тексттин угулушу кептеги үндүн интонациялык мүмкүнчүлүктөрү менен байытылышын, сөздүн темпинин, ыргагынын сезилерлик болушун талап кылат. Драмалык чыгармалар менен иштөөдө орус тилдүү студенттердин кебин өстүрүү үчүн сөздүк ишин жүргүзүү зарыл. Анда сөздүн маанисин, белгилүү бир затты аныктоочу касиетин ачып тааныштыруу, таблица, сүрөт, сөздүктөрдү пайдалануу, синонимизация, сөздөргө морфологиялык анализ берүү, которуу, перифраз, контекстти пайдалануу ж.б. иштер жүргүзүлөт. Сөздү түшүндүрүү — бул студенттердин сөз байлыгын арттыруудагы алгачкы этап болуп саналат. Студенттердин активдүү сөздүгүнө сөздөрдүн кириши үчүн алар боюнча көптөгөн иштер аткарылышы керек. Бул иштердин ичинде көнүгүүлөргө орчундуу орун берилбесе, сабактын максатына жетпей калышы мүмкүн.

Кеп өстүрүү сабагында студенттердин лексикалык билимин арттыруу үчүн ар түрдүү көнүгүүлөр пайдаланылат. Көнүгүүлөр менен иштөөдө грамматикалык жана орфографиялык тапшырмалардан тышкары, берилген тексттердин мазмунун айтып берүү, ошол текст боюнча суроолорго жооп берүү, тексттеги негизги ойду айтуу ж.б. тапшырмалар берилет. Бул тапшырмалардын аткарылышы студенттердин кебин өстүрүүгө шарт түзөт. Сабактын жүрүшүндө кеп өстүрүү системалуу цикл катары каралат жана ошол багытты эске алуу менен жүргүзүлөт.

Драмалык чыгармаларды окутууда төмөнкү ыкмалар колдонулат: үн чыгарып окуу, комментарийленген окуу, пьесаны ролдорго бөлүштүрүп окуу, бир студенттин пьесанын бир бөлүгүндөгү бир нече каармандын өз ара пикир алышуусун көркөм окуусу.

1. Үн чыгарып окуу студенттердин сөз байлыгын арттырат, дикциясын жакшыртат, эл алдында сүйлөө жөндөмүн өрчүтөт жана окурман менен анын аудиториясынын ортосунда байланыш түзүүгө жардам берет.

2. Комментарийленген окуу. Сабакта комментарийленген окууда окутуучу жазуучунун чыгармасын үн чыгарып окуп, анын маанисин түшүндүрөт, жазуучунун чеберчилигин баса белгилейт, чыгармадагы окуялар сүрөттөлгөн доорго мүнөздөмө берет, чыгарманын жаралуу тарыхына кайрылат, автордун өмүр баяны жөнүндө айтып берет, жаңы сөздөрдү түшүндүрөт. Окутуучу комментарийлерди кыскача берет же окууну токтотуп, студенттерге тема боюнча суроолорду берет. Мындай окуунун максаты студенттерди окуп жаткан чыгарма менен тааныштыруу болуп эсептелет.

3. Пьесаны ролдорго бөлүштүрүп окуу ыкмасы кеңири жайылган. Окутуучу студенттерге алдын ала ролдорду бөлүштүрүп, алардын окуу техникасын жана көркөм окуусун көзөмөлдөйт.

Биз кыргыз тилин экинчи тил катары окуган студенттердин кебин өстүрүү максатында А. Осмоновдун «Ак Мөөр» драмасындагы каармандарды ролдорго бөлүштүрүп окуу ыкмасы боюнча сабактын жүрүшүнөн үлгү катары мисал келтирели:

М ө ө р. Болот. Болот! Кайдасың Болот?

Б о л о т. Мөөркан! Келдиңби? Өөх, мен...

М ө ө р. Келбейт дедиң беле? Убада менен өлүм бирдей эмеспи. Же көңүлүңдү калтырган жайым барбы?

Б о л о т. Жок, Мөкүш. Деги айттым да.

М ө ө р. Укканым болсун, Болот. Убакыт тар. Үйдөгүлөр сезип калбасын.

Б о л о т. Айтар сөзүм оозума кирбей жатат. Кап, эмне дейин дедим эле?

М ө ө р. Бу сен деги эмне болгонсуң, Болот? Жана ырдай албай аптыктың, эми оозума сөз кирбейт дейсиң. Сайкал айткандай мындай эмес элең?

Б о л от. Себебин билбейсиңби, Мөкүш?

М ө ө р. Билбейм, билсем да билбейм!

Б о л о т. Андай болсо күткөн үмүт, тилеген тилек, сунган талап текке экен го?

М ө ө р. Болсо болор...

Б о л о т. Орду бар дейм да, эмне үчүн мындай дейм да. Ошондой экен го.

М ө ө р. Түшүнбөйм. Дейм да, эмне үчүн дейм да?

Б о л о т. Айтканым тескери угула баштаган экен го?

М ө ө р. Анан дагы... дагы ар жагын айтсаң?

Б о л о т. «Дагы»... эмнеси «дагы»...

М ө ө р. (Бардык үнү менен күлүп жиберип). Болот кантип билбейин. Кантип түшүнбөйүн?.. Экөөбүз арзышып калдык... Сен көз алдымдан кетпейсиң. Бул жаман оору экен...

Б о л о т. (Жарпы жазылып). Мөкүш, мен үчүн ааламдын жалгыз көркү сен. Көптөн бери биздин адил, таза жаш жүрөгүбүздүн жалыны билинбей жанып, оттон ысык алоолонгондон бери көкүрөгүмдө чоң дем, чексиз кубат жүрөт.

М ө ө р. Мен үчүн башкалардан башкасың, баатырлардан баатырсың, жакшылардан жакшысың. Муну мен айтпайын дедим эле... Бирок жазмыштын күчү айттырып жатат.

Б о л о т. Аныңа ыразымын. Мындай сөздү жалгыз гана сенден угам. Сен үчүн мен, мен үчүн сен деп түшүнөм.

М ө ө р. Болот билгенге, ашыктык кыйын тура!

Б о л о т. Ошон үчүн жана өмүрүмдө биринчи жолу ырдай албай сүрдөдүм, азыр сен келгенде сөз таба албай аптыктым. Ашыгымдын сымбаты бирде көркөм чынар, бирде кол жеткис аска болот тура.

М ө ө р. О, эл көзүнө ого бетер кайраттуу, ого бетер чечен, ого бетер шайыр болуп көрүнүшүң керек.

Б о л о т. Жашчылыктын тилегин бир жакка оодарыш керек. Ансыз жүрөк баатыр боло албайт.

М ө ө р. Кандайча? Ал эмне дегениң Болот? Ачыгыраак кылып айтчы.

Б о л о т. Биздин тилектин токтой турган жери кайсы? дегеним эмеспи, Мөкүш...

М ө ө р. Ал айтылбады беле. Жалган дүйнөдө жаныбыз бир болот, өмүрдүн жүгүн бирге көтөрүшүп, ашыктыктын жан жеткис күлүк бууданына минип кайда, перилердин торуна, тээ алыска учабыз дебедик беле?

Б о л о т. О, мен теңиң боло алambы? Жылкычы болсом, жарды болсом.

М ө ө р. Мен деле кайсы чиренген байдын кызы элем. Арзышкан ашыктарга бай да, падыша да тең эмес

Б о л о т. Кокус Баян көз артып калса кантесиң, өзүң да сезгендирсиң...

М ө ө р. Баян өңдүү бай балдары бул турмушка эрке жаралган, көңдөй, өңүндө ырайым, тилинде жылуу сөз, колунда жакшылык, оюнда адилдик жок, супсак саралган арсыз пенде. Аны менен өлгөнчө каным кошулбайт, миң аракет кылса да Мөөр атым барында жаныма жолотпойм.

Б о л о т. Эми көңүлүм жай алды. Маңдайга жазганды көрөрбүз, Мөкүш, эмки айтарым мындай (Аны эркелетип жароокер кучактап, ары карай басып) биздин шертке батып бара жаткан ай, тарап бара жаткан жылдыз, көл боюнда биз сыяктуу ысык дем менен бири-бирине ыкташып таттуу уктаган каз, өрдөк, ак куу, каштуу Соң-Көл күбө эмеспи! (Экөө ысык сүйүү белесинде турат, бул кезде аңдып жүргөн Баян байкатпай алардын арка жагынан келет. Экөөнү карап таң калып турат).

М ө ө р. Ушундай түндөрдүн бир гана деми миң дөөлөткө, миң байлыкка, эсепсиз казына, нечен дүр-дүнүйө, менсинген нечен арсыз жүрөккө тең эмеспи. Мен кетейин, сен ар дайым биздикинде бол, атам сени жакшы көрөт. Эч шек албайт.

Б о л о т. Кош эмесе, Мөкүш, айтканыңдай кылам (Экөө бөлүнүшөт, Баян өзүнчө).

Б а я н. Баракелде. Түк мындай деп ойлогон эмесмин. Кудая тобо. Ушундай экен э? Сырымды айтчу кишиге айткан экенмин да! Ургачынын чачы узун, акылы кыска деген ушу да. Болоттун эмнесин жакшы көрдү? Болот ким, мен ким? Токто, эми чындап киришейин. (Өзүнчө кезенип). Таанытармын силерге! (кетет).

Б о л о т. (Толук ыраазылыкка ташып, түндү жаңырта кыйкырып). О-у... Султан, о жылкыларды бери кайры, мен алдынан тосом. О бери кайры, бери кайры. Бах, чиркин дүйнө ай! Ашыктык деген

өзүнчө бир чексиз күч экен го. Күлүк менен жарышкым келет. Кабылан менен кармашкым келет, ажыдаар менен арбашкым келет, азуулуу менен алышкым келет, эртеңким кандай болор экен? Кандай болмок эле? Кылычка моюн сунуп берчү мен эмес. Мына, таң атып келе жатат. Бир аздан кийин Мөөркандын үйүндө болом. Мага андан артык эмне ракат? Мөөркандын үйүндө болом! Таң тезирээк атса экен! [3, 166-168-бб.].

Студенттер татаал деп эсептеген сөздөр боюнча өз ара суроо-жооптор уюштурулат. Бардык студенттерге кыйынчылык жараткан сөздөр боюнча сөздүк түзүлөт. Сабакта өз алдынча сөз курап, сүйлөм түзүшөт, андан ары грамматикалык эрежелер боюнча түзгөн сүйлөмдөрүнүн негизинде жооп беришет. Сөздөрдү туура айтууга багытталган орфоэпиялык машыгуулар жүргүзүлүп, таблицалар түзүлөт жана карточкалар иштелип чыгат.

4. Кийинки ыкма – бир студентке пьесанын бир бөлүгүндөгү бир нече каармандын бири-бири менен болгон пикир алышуусун көркөм окуу тапшырмасы берилет. Окуунун бул түрү студентти олуттуу даярдануунга мажбурлайт жана угуучуларга каармандарды, алардын кыймыл-аракеттеринин маанисин, карама-каршы мамилелеринин маңызын канчалык туура түшүнүп жатканын аңдап билүүгө мүмкүндүк берет.

Биз студенттердин кебин өстүрүү максатын көздөп, жогорудагы ыкманы колдонуу менен А. Осмоновдун «Баатырдын өлүмү» пьесасынан алынган тексттин негизинде сабактын жүрүшүнөн үлгү келтиребиз.

Баатырдын өлүмү

1945-жыл. Пролог.

Согуш бүткөн убак. Берлин районунун бир жериндеги аймак. Григориев, Сагындыков жана Марфа Егоровна. Стол үстүндө вино. Уламдан-улам күчөгөн жеңиш маршы. Москвадан берилген салют жаңырыгы.

Г р и г о р и е в. (Бокалын кармап) Атактуу Рейн виносу ушубу? Биздин советтик мускатка жете бербейт го дейм? Кана, жолдош майор Сагындыков жана аялым десем көп шаңдуу угулбайт, Марфа Егоровна, биздин жеңиштин улуу салтанаты үчүн! (Ичишет).

С а г ы н д ы к о в. Ошентип «кулак укканды көз көрөт» болуп, Берлин аймагында олтурабыз. Болотов атындагы биздин полк өз ишин чоң сыймык менен аяктады. Анын биринчи баатырлык жолу Дон боюнда башталып Берлинге келип дем алды, бирок ал токтолмок эмес. Биздин полк үчүн! (Ичишет).

М а р ф а Е г о р о в н а. Силердин каарман полкуңардын азаматтарын көрүүгө ынтызармын, жолдош полковник.

Г р и г о р и е в. Жолдош майор, менин аялым Марфа Егоровна жөнөкөй аял эмес, жазуучу аял. Муну өз жаныма алдырган себебим бир гана Германиянын кан жыттанган өңү суук үйлөрүн, элдерин көрсүн үчүн эмес, биздин полк менен таанышып ошол жөнүндө жазсын деп чакырдым.

М а р ф а Е г о р о в н а. Албетте, ал биздин максат. Бизден кийинки инилерге, бөбөктөргө Ата Мекендик Согуштун баатырлары жөнүндө сүйлөп берүү эң чоң иш. Инилер алардын баатырлыгын үйрөнүшсүн.

С а г ы н д ы к о в. Мына биздин азамат жигиттер (ар жакты көрсөтүп) көрүңүз, Марфа Егоровна, таанышыңыз. Азыр тизме чакыруу башталат. (Ар жактан бирөө Садык Болотов! (Анын бери аттаган карааны элге көрүнөт) Садык Болотов Ата-журт үчүн баатырлык менен курман болгон! (Кайра көрүнбөй калат. Тизме чакыруу... Мен! Мен! деген жооп).

Г р и г о р и е в. Мына, биздин полктун тарыхы ошол күндөн башталат.

М а р ф а Е г о р о в н а. Мен балдар үчүн бир жакшынакай китеп жазгым келет. Албетте роман, поэмага күчүм жетпейт, силер Болотовдун эрдик жолун айтып бергиле.

Г р и г о р и е в. Баары бүгүнкүдөй эсибизде. 1942-жыл. Дон суусу... Немецтер кутургандык менен алга жылууда. Дондун ары жагына өтүү кыйын болду. Анда мен капитанмын. Сагындыков лейтенант. Душмандын күчүн билүү үчүн жана алдыдагы тоскоолдун сырын билүү үчүн мыкты чалгынчыларды жиберүүгө туура келди. Жогорку командирлер тарабынан жашырын маселелер каралды. Садык

Болотов менен Наташа Байкова душмандын тылына жиберилди. Аларга эң жооптуу тапшырма берилди. Андан кийинкиси мына минтип башталат. (Жеңиш маршы. Салют жаңырыгы. Музыка.) [3, 194-196-бб.]

Бул — бир студент көркөм окуган пьесанын бир бөлүгү. Окулган текстке карата окутуучу студенттин сөз өздөштүрүүсүн текшерүү максатында ар кандай суроолорду берип, жоопторун алат.

Ошентип, пьесаны окууда пайда болуучу негизги принциптерди жана милдеттерди аныктоо үчүн, экспрессивдүү каражаттардын мүнөзүн сезүү үчүн төмөнкүдөй жыйынтыкка келебиз:

- конфликттин келип чыгышына жана өнүгүшүнө байкоо жүргүзүү;
- конфликт эмне үчүн жана кимдин ортосунда жүрүп жатканын;
- кандай топтор конфликтке катышып жатканын жана конфликт кимдин атынан жүрүп жатканын;
- бул конфликтке катышкан ар бир каармандын ролун, анын жүрүм-турумун.

Драмалык чыгарманы талдоонун негизги принциптери жана ыкмалары студенттердин фантазиясын өнүктүрөт, сабакта эмоционалдык позитивдүү маанайды жаратат, биргелешип чыгармачылыкка жана өз ара жардамдашууга көмөктөшөт, подтекстин тереңдигине кантип кирүүгө үйрөтөт. Театралдык ыкмалар аркылуу студенттер драманы тереңирээк кабылдап, анын контекстин эле түшүнбөстөн, анын негизинде жаткан моралдык-этикалык принциптерди да кабыл алышат.

Колдонулган адабияттар

1. Аль Д. Н. Основы драматургии : учебное пособие / Д. Н. Аль. – Санкт-Петербург : Лань, 2019. – 218 с.
2. Белокурова С. П. Словарь литературоведческих терминов / С. П. Белокурова. – Санкт-Петербург : Паритет, 2006. – 314 с. – ISBN 5-93437-258-0.
3. Осмонов А. Чыгармалар жыйнагы : 2-том : поэмалар, пьесалар, макалалар, каттар, легендалар / А. Осмонов. – Фрунзе : Кыргызстан, 1965.
4. Хализев В. Е. Теория литературы : учебник / В. Е. Хализев. – 4-е изд., испр. и доп. – Москва : Высшая школа, 2004. – 405 с. – ISBN 5-06-005217-6.

Рецензент: педагогика илимдеринин доктору, профессор Кенжешев К.Д.

УДК 316.72:37(575.2)(04)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-88-94

Жапсарбаева Н.Т., Абдраимов К.А.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
Жапсарбаева Н.Т., Абдраимов К.А.
КНУ имени Жусупа Баласагына
Japsarbaeva N.T., Abdraimov K.A.
KNU Jusup Balasagyn

ORCID 0009-0001-6432-2119

УЛУТТУК БААЛУУЛУК КЫРГЫЗ ЭЛИНИН УҢГУЛУУ ӨЗӨГҮНДӨ
НАЦИОНАЛЬНЫЕ ЦЕННОСТИ В ОСНОВЕ ДУХОВНОГО НАСЛЕДИЯ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА
NATIONAL VALUES AT THE CORE OF THE SPIRITUAL HERITAGE OF THE KYRGYZ PEOPLE